**№10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин 11-класстарынын окуучуларын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга киргизүү жөнүндө ата-энелер менен биргеликте өткөрүлгөн чогулуштун №3 протоколу**

27.05.2022-жыл

Катышкандар: 24 ата-эне

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. 11-класстын окуучуларын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга киргизүү жана бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу аттестацияларын өткөрүү.
2. “Акыркы коңгуроо” жана бүтүрүүчүлөрдүн аттестаттарын алуу учурундагы буйруктар менен тааныштыруу.

**Угулду:**

1-маселе боюнча мектеп директору Ч.Т.Джанышбаева окуучулардын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясынын өтүлүү графиги менен тааныштырды жана сөздү 11- класстын класс жетекчиси Д.А.Балбаевага берди. (Баяндама тиркелет).

2-маселе боюнча мектеп директору буйруктар менен тааныштырып өттү. (Баяндама тиркелет).

**Жогорудагы маселелерди угуп жана талкуулап, ата-энелер чогулушу чечим кылат:**

1. 11-класстын 24 окуучусу жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга киргизилсин. Экзаменге даярдыктар эске алынсын жана экзаменге чейинки даярдоого саат 8.00дөн, экзамен күнү саат 8.30да форма менен отургузуу жагы ата-энелерге милдеттендирилсин. Экзамендерге даярдыктарды көзөмөлдөө жагы предметтик мугалимдерге жана класс жетекчи Д.А.Балбаевага жүктөлсүн.

2. Салтанаттуу жыйындардан кийин оюн-зоокторго чыгуу, кафе-ресторандарга, табиятта түрдүү иш-чараларды уюштурууга катуу тыюу салынсын. Ар бир ата-энеге өз баласына жооп берүү жагы милдеттендирилсин. Эгерде буйрукту аткаруудан баш тартуу болсо, мыйзам чегинде жооп бериле тургандыгы эскертилсин. Бүтүрүүчүлөргө арналган коштошуу кечелерин, “Акыркы коңгуроодон” кийин оюн-зоокторду өткөрүүгө жол берилбесин.

3. Буйруктун аткарылышы бардык ата-энелерге, класс жетекчилерге, тарбия башчысына, соц.педагогго милдеттендирилсин.

Мектеп директору: Джанышбаева Ч.Т.

Катчы: Төкөнова Г.И.

**№10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин 11-класстарынын окуучуларын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга киргизүү жөнүндө ата-энелер менен биргеликте өткөрүлгөн чогулуштун №2 протоколу**

26.05.2022-жыл

Катышкандар: 47 ата-эне

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. 9-класстын окуучуларын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга киргизүү жана бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу аттестацияларын өткөрүү.
2. "Акыркы коңгуроо" жана бүтүрүүчүлөрдүн күбөлүктөрүн алуу учурундагы буйруктар менен тааныштыруу.

**Угулду:**

1-маселе боюнча мектеп директору Ч.Т.Джанышбаева окуучулардын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясынын өтүлүү графиги менен тааныштырды жана сөздү 9-а класстын класс жетекчиси Б.Камчыбековага жана андан кийин 9-б класстын класс жетекчиси А.Тургунбаевага берди. (Баяндама тиркелет).

2-маселе боюнча мектеп директору буйруктар менен тааныштырып өттү. (Баяндама тиркелет).

**Жогорудагы маселелерди угуп жана талкуулап, ата-энелер чогулушу чечим кылат:**

1. 9-класстарынын 47 окуучусу жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга киргизилсин. Экзаменге даярдыктар эске алынсын жана экзаменге чейинки даярдоого саат 8.00дөн, экзамен күнү саат 8.30да форма менен отургузуу жагы ата-энелерге милдеттендирилсин. Экзамендерге даярдыктарды көзөмөлдөө жагы предметтик мугалимдерге жана класс жетекчилерге жүктөлсүн.

2. Салтанаттуу жыйындардан кийин оюн-зоокторго чыгуу, кафе-ресторандарга, табиятта түрдүү иш-чараларды уюштурууга катуу тыюу салынсын. Ар бир ата-энеге өз баласына жооп берүү жагы милдеттендирилсин. Эгерде буйрукту аткаруудан баш тартуу болсо, мыйзам чегинде жооп бериле тургандыгы эскертилсин. Бүтүрүүчүлөргө арналган коштошуу кечелерин, "Акыркы коңгуроодон" кийин оюн-зоокторду өткөрүүгө жол берилбесин.

3. Буйруктун аткарылышы бардык ата-энелерге, класс жетекчилерге, тарбия башчысына, соц.педагогго милдеттендирилсин.

Мектеп директору: Джанышбаева Ч.Т.
Катчы: Төкөнова Г.И.

## №10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинде өткөрүлгөн ата-энелер чогулушунун №2 протоколу

24.12.2021-жыл

Катышкандар: 69 ата-эне

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. Коррупцияга жол жок!
2. Ар түрдүү маселелер.

**Угулду:**

Күн тартибиндеги маселе боюнча мектеп директору Ч.Т.Джанышбаева сөз сүйлөдү:

- Саламатсыздырбы, урматтуу ата-энелер! Сиздерди "Таш-Көмүр шаардык билим берүү бөлүмүнө караштуу мектеп, мектепке чейинки жана мектептен тышкаркы мекемелеринде коррупцияга каршы турууну күчөтүү боюнча иш-чараларды белгилөө жана аларды жүзөгө ашыруу жөнүндөгү" буйругу менен тааныштырам.

Ушул буйруктун негизинде мектепте бүтүрүүчүлөрдүн кечелерин өткөрүүгө, мыйзамсыз акча чогултууларга тыюу салынган. Сиздер жогорудагы айтылган маселени толук колдоп, ашыкча акча коромжусуна жол бербейсиздер деген ойдомун.

**Чыгып сүйлөгөндөр:**

Доронкулова К. (ата-эне):

-Бул сунушту биз, ата-энелер, толук колдойбуз. Азыркы оор шартта акча каражаты жагынан ар бир эле ата-эне кыйналып жатат. "Той көп болсо, каада көп" дегендей акыркы кезде ар түрдүү кечелер көбөйүүдө. Ашыкта ыгым-чыгым акча коротуу көбөйдү. Баланын көңүлү деп колунда бары да, жогу да түйшүккө түшүүдө. Баланын көңүлүн эң алгач билимге буралы. Билим алуусуна шарт түзөлү.

Керимбекова С. (ата-эне):

-Эң туура маселе. Мен да колдойм.Ата-энелер, ашыкча акча топтоону токтотолу. Кээ бир ата-энелердин колунда бар. Кээ бир ата- энелердин колунда жок. Ысырапкорчулукка жол бербейли.

**Жогорудагы маселени угуп жана талкуулап ата-энелер чогулушу чечим кылат:**

1. Буйруктун аткарылышы бардык ата-энелерге милдеттендирилсин.
2. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жагы мектеп директору Ч.Т.Джанышбаевага жүктөлсүн.

Мектеп директору: Джанышбаева Ч.Т.

Катчы: Төкөнова Г.И.

**№10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинде өткөрүлгөн жалпы ата-энелер жыйынынын протоколу**

15.10.2021-жыл

Катышты:
Ата-энелер:260
Кл. жетекчилер:19

**Жыйынга катышкандар:**

1.Мектеп директору Ч.Т.Джанышбаева
2.Шамалды-Сай аймактык башкармалыгынын башкы адиси С.Айдарбекова
3.Шамалды-Сай аймактык ички иштер бөлүмүнүн участкалык инспектору И.А.Закиров

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1.2021-2022-окуу жылынын жыйынтыгы боюнча жылдык отчёт.
Мектеп директору Ч.Т.Джанышбаева
2.Өспүрүмдөр арасында ар кандай кылмыштуулуктун жана зордук-зомбулуктун алдын алуу. (Доклад) Тарбия бөлүмүнүн башчысы Б.Камчыбекова
3. Ата-энелер комитетинин бир жылдык жыйынтыгын угузуу менен жаңы ата-энелер комитетин шайлоо.
4.Ар түрдүү маселелер.

**Угулду:**

Күн тартибинде биринчи маселе боюнча мектеп директору Ч.Т.Джанышбаева жыйындын катышуучуларын күн тартибиндеги маселелер менен тааныштырды жана 2021-2022-окуу жылындагы аткарылган иштер боюнча маалымат берди.
( Маалымат тиркелет).

Күн тартибиндеги экинчи маселе боюнча тарбия иштерин уюштуруучусу Б. Б. Камчыбекова доклад жасады. (Доклад тиркелет).

**Чыгып сүйлөгөндөр:**

Шамалды-Сай аймактык башкармалыгынын башкы адиси С.Айдарбекова педагогикалык жамаатка ийгиликтерди каалоо менен бирге балдарга тарбия ата-энелер тарабынан үйдөн берилерин белгилеп өттү.

Шамалды-Сай аймактык ички иштер бөлүмүнүн участкалык инспектору милициянын капитаны И.Закиров ата-энелерге балдарынын,кыздарынын тарбиясына кош көңүл болбоосун өтүндү. Кылмыштуулук,түнкүсүн көчөгө балдарды чыгарбоо жана башка маселелер жөнүндө сөз сүйлөдү.

Күн тартибиндеги үчүнчү маселе боюнча ата-энелер комитетинин төрайымы аткарылган иштер боюнча маалымат берди жана жаңы ата-энелер комитетинин курамына ата-энелерден көрсөтүлдү.

Күн тартибиндеги төртүнчү маселе боюнча мектеп окуучуларынын бирдиктүү мектеп формасы, сабакка кечикпей келүүсү, жол, техника коопсуздук эрежелери, уюлдук телефондорго тыюу салуу жана башка маселелер талкууланып, уюлдук телефондорду мектепте алып жүрүүгө тыюу салууга ата-энелер бир добуштан макул болушту.

**Ата-энелер чогулушу төмөнкүдөй чечим кабыл алат:**

1.Аткарылган иштердин жыйынтыгы канааттандырарлык деп белгиленсин.
2.Ар кандай тартип бузууларды болтурбоо, алдын алуу жагы тарбия башчысы Б.Камчыбековага жүктөлсүн.
3.Бирдиктүү мектеп формасын кийүү, мектепте кол телефон колдонбоо жагы ата-энелерге милдеттендирилсин.
4.Ата-энелер комитетинин жүргүзгөн иштеринин анализи канааттандырарлык деп белгиленсин. Ата-энелер комитети жаңы курамда бекитилсин.

Мектеп директору: Джанышбаева Ч.Т.
Катчы: Төкөнова Г.И.